Д 13.20.662 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматалинин 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар»** - деген темадагы диссертациясы боюнча

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн аткарылган «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.. Диссертациянын проблемасы, мазмуну, алынган натыйжалары 13.00 01- жалпы педагогика, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы адистиктеринин паспортуна жооп берет.
   **Изилдөөнүн максаты:** мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөтүүчү, ден соолукту сактоочу заманбап технологияларды аныктоо.
2. **Изилдөөнүн алдына үч милдет коюлган:**
   1. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун теориялык негиздерин айкындоо.
   2. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун, педагогикалык шарттарын аныктоо жана теориялык моделин иштеп чыгуу.
   3. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

Изилдөөнүн **объектиси** мектеп курагына чейинки балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар, ал эми **предмети**: мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу боюнча окуу-тарбиялык процесс.

Диссертациянын темасы мектепке чейинки мекемелердеги балдардын ден-соолугун чыңдоонун практикалык аспекттерин изилдөөгө арналып жана бул чөйрөдөгү көйгөйлөрдү ичине камтыганы менен актуалдуу. Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүүнүн теория жана практикасында ден соолукту чыңдоо технологияларды колдонуунун жолдору жетиштүү деңгээлде иштелип чыкккан эмес. Ошондуктан соңку жылдары Кыргызстандын таалим-тарбия мейкиндигинде балдардын ден-соолугун коргоо жана чыңдоо багытындагы коомдук-педагогикалык кыймылдар кыйла активдешип келе жаткандыгы бекеринен эмес. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу билим берүү процессин өркүндөтүү багыттарынын бири ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүүгө өтүү болуп саналат. Бала бакчалардын таалим-тарбия чөйрөсү дүйнөлүк жана ата мекендик практикада сыноодон өткөн педагогикалык технологияларга негизделиши мезгил талабы. Арийне бул жагдай педагогикалык технологияларды натыйжалуу колдонуунун шарттарына байланыштуу илимий изилдөөлөргө негизделиши шарт. Ошондуктан каралып жаткан диссертациянын темасынын актуалдуулугу эч кандай шек жаратпайт.

Изилдөөнүн мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021 жылдын январь айында жарык көргөн “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгына үндөш.

3. **Илимий натыйжалар.**

3.1. **Иште мектепке чейинки педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан төмөндөгүдөй натыйжалар алынган.**

1- **жыйынтык.** Мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрү жана аларды колдонуунун теориялык негиздери айкындалган.

2- **жыйынтык.** Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун модели жана педагогикалык шарттары айкындалган.

3- **жыйынтык.** Айкындалган модел жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген.

**3.1. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү** олуттуу теориялык жоболорго таянуу, темага тиешелүү илимий булактарды окуп-үйрөнүү, анализдөө, аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү, алынган эмпирикалык материалдарды анализдөө, жалпылоо жана синтездөө ыкмаларын колдонгондугу менен бекемделет.

**3.2. Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык мааниси** бар, анткени илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологияларга байланыштуу түйүндүү түшүнүктөр талдоого алынып конкреттештирилген. мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологияларды колдонуунун принциптерин, этаптарын ичине алган модели иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталган.

4. **Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** "Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу" аттуу программасы жана ден соолукту сактоо багытындагы педагогикалык технологиялардын сапатын баалаган диагностикалык ыкмалар комплекси мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын натыйжалары ЖОЖдун мектепке чейинки билим берүү бөлүмдөрүнүн студенттерине, магистранттарына педагогика предметтерин окутууда окуу методикалык комплекстерин түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн.
Илимий изилдөөлөрдүн негизинде изденүүчү тарабынан 9 макала жарыяланган. Патент алуу, тийиштүү акты менен практикага киргизүү фактыларын бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, мугалимдерди даярдоо, квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо ишмердүүлүгүндө кеңири колдонсо болот.

6. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине иденттүү.

7. **Мүчүлүштүктөр жана алардын үстүндө иштөө боюнча сунуштар.**

1. Диссертациянын аталышында айрым катачылыктарга жол берилген. Тема «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар»-деп аталып мазмунунда,

корутундуларда модел жана педагогикалык шарттар тууралуу сөз болот. Изилдөөнүн темасынын аталышы менен мазмуну менен өзөктөш компонент. Тема - тексттин мазмунуна коюлган ат, тексттин маанилүү өзөгү, тексттин жалпыланган мазмуну. Демек, тема "Мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологияларды колдонуу" же колдонуунун педагогикалык шарттары деп –деп аталса туура болмок. Изилдөөнүн актуалдуулугу максаты, предмети жана милдеттери мазмундук, стилистикалык жактан олутуу коррекцияга муктаж.

2. Эреже боюнча биринчи главада изилдөөнүн базалык түшүнүктөрү, теориялык негиздери теманын илимдеги изилдениш абалы тууралуу конкертүү анализге орун берилиши керек. Буга байланыштуу диссертацияда бул проблеманы чечүү боюнча аткарылган эң жакын изилдөөлөр талдоого алынган эмес. Адабияттар тизмесиндеги көптөгөн илимий адабияттар диссертациянын аналитикалык текстинен сыртта калган. Диссертацияда балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялардын типологиясы боюнча кайталоолорго жол берилбеши зарыл. (27-31; 35-50 б.б.)
3. Изилдөө методдору туралуу маалыматтарды тактоо керек. Сурамжылоо багытындагы айрым суроолор мектепке чейинки балдардын курактык жана таанымдык табиятына толук шайкеш келбейт.(138 б) Констатациялоочу экспериментке катышкан балдардын айрымачылыктары тууралуу маалыматтарды тактоо зарыл. Аныктоочу экспериментте колдонулган анкеталардын мазмуну, структурасы, натыйжаларын баалоо процедуралары тууралуу маалыматтарды кошуу зарыл. Калыптандыруучу эксперименттин натыйжаларын балдардын билими менен гана чектөө жаңылыштык. Аларды когнитивдик, регулятордук жана жүрүм турумдук таризде өлчөө баалоо зарыл.
4. Корутунду бөлүмүнүн пункттарына изилдөөнүн илимий натыйжаларына негизделген түзөтүүлөрдү киргүзүү зарыл. Практикалык сунуштар өтө жалпы. Практикалык сунуштар изилдөөнүн натыйжаларынан чыгарылышы керек. Жалпы олуттуу илимий түзөлтүүгө муктаж.

**7. Сунуштар:** Жогоруда белгилеген кемчиликтерди олуттуу деп эсептейм жана тийиштүү оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгилейм.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертацияны айрым түзөтүүлөрдүн негизинде кабыл алууга болот.

**Бүтүм.** Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар» деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот. Бирок, диссертацияда бир катар олуттуу кемчиликтер орун алгандыгына байланыштуу оңдоолорго жана түзөтүүлөргө муктаж.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна тарабынан аткарылган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар» - деген темадагы диссертацияны олуттуу кемчиликтерди четтетет деген ишеним алдын ала коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**профессору, педагогика илиминин доктору** **Алимбеков А.**

КЕҢСЕ

22. 11 2023-ж

Эксперт А.Алимбековдун колун тастыктайм.
Окум. катчы: Абдыкапарова А.Б